КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

# ТОКТОМ

03.03.206-ж　　　　№ 1　　　　Бакай-Ата айылы

**Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы жергиликтүү бюджетинин аткарылышы боюнча отчетун бекитүү жөнүндө**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовдун 2025-жылдагы жергиликтүү бюджетинин аткарылышы боюнча отчетун угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамын жетекчиликке алып, депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кенешинин IX чакырылышынын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы жергиликтүү бюджетинин аткарылышы боюнча Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовдун отчету канааттандырарлык деп табылсын.

2. Ушул токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган жана Талас облусунун юстиция башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.

**Торага:**　　　　**Б.Джакыбалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**03.03.2026-ж** **№ 2** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин долбоору жөнүндө**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин долбоору жөнүндө маселе күн тартибинде каралып, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бюджетинин көлөмү киреше, чыгашасы менен 60801.4мин сом суммасында баланс менен бекитилсин. Киреше бөлүгү төмөнкү киреше булактарынын эсебинен түзүлсүн:

- Иш берүүчү тарабынан айлык акыдан кармалуучу киреше салыгы – 50008.1 мин сом;
- Патенттин негизде алынуучу киреше салыгы - 520.1мин сом;
- Кыймылсыз мүлктөн алынуучу салык - 252,1 миң сом;
- Короо-жай жер салыгы – 440.0 миң сом;
- Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгы - 350,0 миң сом;
- Жер казынасын пайдалануу укугуна лицен.кармоо үчүн төлөм – 8.27.4 миң сом;
- Калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы - 120,0 миң сом;
- Жайыт жерлеринин ижарасы үчүн акы - 1127.8 миң сом;
- КБФнын ижара аренда акысы - 1400.0 миң сом;
- Жайлардын ижара акысы (муницип.менчикте турган жайлар) – 153.7 миң сом;
- Атайын каражат (б/бакча ата-энелер төлөмү, спонсордук жардам)- 5541,9 миң сом
- Кызмат көрсөтүүнүн башка түрлөрү үчүн – 60.0 миң сом.

Чыгашалар бөлүгү 60801.4миң сом өлчөмүндө төмөндөгү бөлүмдөр боюнча бекитилсин:
1. Башкаруу аппаратына 15033.7 миң сом;
2. Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө - 500.0 миң сом;
3. Экономикалык маселелер бөлүмүнө - 1127.8 миң сом;
4. ЖКХ бөлүмүнө - 30001.5 миң сом;
5. Маданият бөлүмүнө – 1816.8 миң сом;
6. Билим берүү бөлүмүнө – 3913.7 миң сом;
7. Социалдык коргоо бөлүмүнө – 2566.0 миң сом;
8. Атайын каражат - 5541.9 миң сом.

2. 2026-жылдын бюджетине белгиленген каржылоо чыгымдары биринчи кезекте корголгон статьялар боюнча жумшалсын (эмгек акы, соц. фонд, коммуналдык чыгымдар, тамак-аш ж.б.).

3. Жыл ичинде жергиликтүү киреше булактары бюджетте белгиленген суммадан ашык түшсө, ал суммага жараша бюджеттин чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү жагы айылдык аймактык Кеңештин сессиясына сунушталсын.

4. Бюджетти аткаруу процессинде зарыл учурда статьядан статьяга , кварталдан кварталга жылдыруулар айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн сунушунун негизинде айыл өкмөтүнүн башчысынын токтому менен жүргүзүлсүн.

5. Бөлүмдөн бөлүмгө жылдыруу айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн сунушунун негизинде, айыл өкмөтүнүн башчысынын токтому менен жүргүзүлсүн.

6. 2025-жылдын жыйынтыгы менен чыгашадан ашкан кирешенин эсебинен 2026-жылга 50.0 миң сом өлчөмүндө кассалык жүгүртмө каражаттык запас түзүлүп, жыл ичинде керектүү учурларда пайдаланып кайра орду толукталып, жылдын этегине чейин эсептик счетто сакталсын.

7. 2026-жылга белгиленген бюджеттин эсебинен 500.0 миң сом өзгөчө кырдаал үчүн кол тийбес резерв катары пландаштырылсын.

8. Ошондой эле «КР нын бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө Мыйзамынын» 21-статьясынын негизинде 2026-жылдын бюджетинин чыгаша көлөмүнүн 1 % ынын эсебинен 552595 сом айыл өкмөтүнүн резервдик фондусу болуп түзүлүп, айыл өкмөт башчысынын тескөөсүнө берилсин.

9. 2026-жылдын бюджетинин киреше, чыгаша бөлүктөрүн Мыйзамдуулукта аткаруу, максатсыз жумшоолорго жол бербөө, казынадан сырткары чыгымдоолорго тыюу салуу милдеттери айыл өкмөтүнүн каржы бөлүмүнүн башчысына (башкы бухгалтер А.Тазабековага) тапшырылсын.

10. Бюджеттин киреше булактары болгон салык жана салык эмес төлөмдөрдү жыйноодо, өткөн жылдардан калган суммаларды (недоимкаларды) толук өндүрүүдө айыл өкмөтүнүн салык кызматкерлерине катуу талап коюлсун, ошондой эле алардын ишине ар тараптуу жардамдар көрсөтүлсүн.

11. КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы № 302-токтомунун 1-пунктунда көрсөтүлгөндөй билим берүү уюмдарынын окуу жана тарбия иштерине байланыштуу чыгымдары билим берүү министрлиги аркылуу каржыланаары белгиленсин.

12. Айыл өкмөтүндөгү балдар бакчасынын атайын каражаттарын казыналыктан өткөрбөй туруп пайдаланууга тыюу салынсын. Тартип бузган учурда ал сумма 100% республикалык бюджетке алынаары жөнүндө мыйзамда көрсөтүлгөндүгү эскертилсин.

13. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бюджет, финансы, инвестиция, муниципалдык менчик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б. Джакыбалиев**

| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БАКАЙ-АТА АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАКАЙ-АТИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ

**03.03.2026-ж** **№ 3** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2027-2028-жылдарга жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоору жөнүндө**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2027-2028-жылдарга жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоору жөнүндө маселе күн тартибинде каралып, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Жергиликтүү бюджеттин 2027-2028-жылдарга болжолу төмөндөгүдөй суммада белгиленсин.

| | |
|---|---|
| а) 2027-жылга, бюджеттин көлөмү (кирешe, чыгашасы менен) | - 71552.7 миң сом. |
| анын ичинен: жергиликтүү салыктардын чегерүүсү | - 66010.8 миң сом. |
| атайын каражат | - 5541.9 миң сом. |
| б) 2028-жылга, бюджеттин көлөмү (киреше, чыгашасы менен) | - 80825.7 миң сом. |
| анын ичинен: жергиликтүү салыктардын чегерүүсү | - 75283.8 миң сом. |
| атайын каражат | - 5541.9 миң сом. |

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айылдык кеңешинин бюджет, финансы, инвестиция, муниципалдык менчик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б. Джакыбалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**03.03. 2026-ж.** **№ 4** **Бакай-Ата айыл**

**Бакай-Ата айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы киреше бөлүгүнүн жыйынтыгынан келип чыккан чыгашадан ашкан кирешени чыгымдоо жөнүндө**

Жогоруда белгиленип өткөн Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы киреше бөлүгүнүн жыйынтыгынан келип чыккан чыгашадан ашкан кирешени чыгымдоо жөнүндөгү маселени карап чыгып, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы киреше бөлүгүнүн жыйынтыгынан келип чыккан чыгашадан ашкан кирешеси 2810.4 миң сом акча каражатын түзгөндүгү эске алынсын.
2. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы киреше бөлүгүнүн жыйынтыгынан келип чыккан чыгашадан ашкан кирешени 2810.4 миң сом акча каражатын төмөндөгү бөлүмдөр боюнча чыгымдоого уруксат берилсин.
3. **Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн аппарат бөлүмүнө:**
   -от жагуучунун айлык акысына жана соц. фонд чегерүүсүнө -175875 сом,
   Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн айыл башчыларына бензинине -20000 сом.
4. **Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн билим бөлүмүнө ;**
   - Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн "Жанчаров" атындагы ОМ эмерек буюмдарды сатып алууга - 14500 сом:
   - Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу ДОЦ Миң- Булак өздүк салым Хелветас– 54000сом ;
   - Бакай-Ата айылынын " Наристе" балдар бакчасына эмерек сатып алууга – 57730 сом:
   - Бакай-Ата айылынын " Мээрим" балдар бакчасына эмерек сатып алууга – 69800 сом ;
   - Бакай-Ата айылынын " Чоң-Алыш" балдар бакчасына матрац сатып алууга – 45000 сом.
   - Бакай-Ата айылынын "Балажан" балдар бакчасына керектүү каражаттарды сатып алууга 54300 сом :
   - Бакай-Ата айылынын "Баластан" балдар бакчасына эмерек сатып алууга – 39818 сом.
5. **Социалдык камсыздоо бөлүмүнө:**
   - Соц. адистерге айылдарды кыдыруу үчүн бензинге – 20.000 сом:
   - Аялдар кеңешинин жыл ичинде иш-чарасына 200000 сом.

6. **Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн ТЖБ бөлүмүнө:**
   - Экскаватор жана оор жүк ташуучу унаалардын авто тетиктерин сатып алууга -350000 сом;
   - Бакай-Ата айылына таза суу түтүктөрүн тартып келүүгө - 426038.55 сом ;
   - Эл көчөсүнө кум-шагыл төгүүгө (солярка) сатып алууга 50000 сом;
   - "Жунусов" ОМ нин кире беришин курчоого - 433357 сом;
   - Муниципалдык ишканага ар кандай чыгымдарга – 300000 сом;
   - Муниципалдык ишканага субсидияга 500000 сом.
7. Ушул токтомдо көрсөтүлгөн чыгымдарга акча каражатын бөлүп берүү Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин Бакай-Ата башкармалыгына сунуш кылынсын.
8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б. Джакыбалиев**

| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БАКАЙ-АТА АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАКАЙ-АТИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ

**03.03.2026-ж.** **№ 5** **Бакай-Ата айыл**

**Бакай-Ата айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы атайын каражаттардын киреше бөлүгүнүн жыйынтыгынан келип чыккан чыгашадан ашкан кирешени чыгымдоо жөнүндө**

Жогоруда белгиленип өткөн Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы атайын каражаттардын киреше бөлүгүнүн жыйынтыгынан келип чыккан чыгашадан ашкан кирешени чыгымдоо жөнүндөгү маселени карап чыгып, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы атайын каражаттардын киреше бөлүгүнүн жыйынтыгынан келип чыккан чыгашадан ашкан кирешеси 156499,0 сом акча каражатын түзгөндүгү эске алынсын.
2. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы атайын каражаттардын киреше бөлүгүнүн жыйынтыгынан келип чыккан чыгашадан ашкан кирешени 156499,0 сом акча каражатын төмөндөгү бөлүмдөр боюнча чыгымдоого уруксат берилсин.

Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн аппарат бөлүмүнө:
- Мектеп окуучуларына улуттук кийим сатып алууга 129309 сом.

Бакай-Ата айыл өкмотүнүн балдар бакчасы бөлүмүнө:
-Тамак-аш чыгымына – 27190,0 сом бөлүнсүн.

Анын ичинен:
- Мектеп окуучуларына улуттук кийим сатып алууга –129309 сом:
- Тамак-аш чыгымына - 27190,0 сом.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.

**Торага:** **Б.Джакыбалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**03.03. 2026-ж.** **№6** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын бюджетин бекитүү жөнүндө**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын бюджетин бекитүү жөнүндө маселени карап чыгып, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын финансылык бюджети: кирешеси боюнча пландагы 60801.4 миң сом, ал эми чыгаша бөлүгү 60801.4 миң сом баланс менен бекитилсин.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы И.Жакшымбетовго жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б. Джакыбалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**03.03.2026-ж.** № 7 **Бакай-Ата айыл**

**Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы финансылык отчетун бекитүү жөнүндө**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы финансылык отчетун угуп талкуулап, депутаттардын Бакай-Ата айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы финансылык отчету: кирешеси боюнча пландагы 63010,2миң сомдун ордуна 63988.8 миң сомду түзүп 101.6 % га, чыгашасы боюнча пландагы 63010,2миң сомдун ордуна 48951,1 миң сомду түзүп 77,7% га аткарылгандыгы бекитилсин.

**Төрага:** **Б.Джакыбалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

# ТОКТОМ

**03.03.2026-ж** **№ 8** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн имаратын 2026-жылдын кыш-күз мезгилдеринде жылытуу максатында от жагуучунун эмгек акысын жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн имаратын 2026-жылдын кыш-күз мезгилдеринде жылытуу максатында от жагуучунун эмгек акысын жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүп берүү боюнча маселесин карап чыгып, Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн имаратын жылытуу үчүн 2026-жылдын алты айына от жагуучунун эмгек акысы 150000.0 (жүз элүү миң) сом, соц. фонд чегерүүсүнө 25875.0 (жыйырма беш миң сегиз жүз жетимиш беш) сом жалпы 175875.0( жүз жетимиш беш миң сегиз жүз жетимиш беш) сом акча каражаты жергиликтүү бюджетинин эсебинен төлөнүп берилсин.

2.Бакай-Ата айыл өкмөтүнө бул токтомдун негизинде от жагуучуну жумушка кабыл алуу жана эмгек акысын өз убагында төлөп берүү тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн

**Төрага:** **Б.Джакыбалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**03.03.2026-ж** **№ 9** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн балансындагы атайын техникаларды "Ак-Тилек-Максат" муниципалдык ишканасынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн балансындагы атайын (спец) техникаларды "Ак-Тилек-Максат" муниципалдык ишканасынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовдун сунушун карап чыгып. Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамын жетекчиликке алып, депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн балансында турган төмөнкү атайын техникалар белгиленген тартипте "Ак-Тилек-Максат" муниципалдык ишканасынын балансына өткөрүлүп берилсин.

| № | Наименован техники | год выпуска | заводской номер | объем двигателя м3 | цвет | Гос номер |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | SHANZONG S/950 | 2025 | 2510180011 | 9726 | желтый | 07KG987CB |
| 2 | WEICHENG WLE 150 | 2025 | WLE251007 | 5900 | желтый | 07KG998CB |
| 3 | Шумкар/CSC комбинированная дорожная машина | 2025 | K5C5180N3S1000005 | 7255 | белый | 07KG874AC |
| 4 | DONGFENG/D310 Самосвал | 2025 | K5C333V41SM000041 | 8880 | оранжевый | 07KG987CB |
| 5 | Шумкар/CLD мусоровоз | 2025 | K5C5180Z1SM000005 | 4670 | белый | 07KG866AC |
| 6 | Шумкар/CSC автовышка | 2025 | K5C5180N2S1000004 | 4260 | белый | 07KG816AC |
| 7 | Желмаян | 2025 | | электро | синий | |
| 8 | Желмаян | 2025 | | электро | синий | |

2. Атайын техникаларды өткөрүп берүү боюнча кабыл алуу-өткөрүп берүү иштерин жүргүзүү үчүн комиссия курамы түзүлсүн:

4."Ак-Тилек-Максат"муниципалдык ишканасы:

- өткөрүлүп берилген техникаларды максаттуу пайдаланууну;
- алардын сакталышын жана техникалык тейлөөнү;
- мыйзамдарда каралган тартипте эсепке алууну камсыз кылсын.

5. Бул токтомду аткаруу жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн коммуналдык чарба жана өзгөчө кырдаалдар боюнча жетектөөчү адиси Б.Байдылдаевге милдеттендирилсин.

6.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.

**Торага:** **Б.Джакыбалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**03.03.2026-ж** **№ 10** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айыл аймагына караштуу "Күмүштак"өзөнүнө өзгөчө корголуучу зоологиялык заказник жаратылыш аймагын түзүү жөнүндө**

Бакай-Ата айыл аймагына караштуу "Күмүштак" өзөнүнө өзгөчө корголуучу зоологиялык заказник жаратылыш аймагын түзүү боюнча Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Талас региондук башкармалыгынын бөлүм башчысы З.Т.Кончумановдун маалымат сунушун угуп талкуулап, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жаратылышты коргоо боюнча мыйзамдарына ылайык, Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл аймагына караштуу "Күмүштак" өзөнүнө өзгөчө корголуучу зоологиялык заказник жаратылыш аймагы түзүүгө макулдук берилсин.
2. Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймагынын негизги максаты:
   табигый ландшафттарды жана экосистемаларды сактоо;
   сейрек кездешүүчү өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды коргоо;
   жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдаланууну камсыз кылуу;
   экологиялык туризмди өнүктүрүү.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына жана тиешелүү туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б. Джакыбалиев**